# Мектеп компоненти боюнча түшүндүрмө кат

Базистик окуу планы окуу предметтеринин тизмесин белгилейт окуучулардын өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарттарды камсыз кылуу менен алардын кызыкчылыктарына, керектөөлөрүнө ылайык ишке ашырууну, негизги жана предметтик компеттентүүлүктөрдү калыптандырууну камсыздайт.

Мамлекеттик компонент окуу пландын базалык бөлүгүн түзүү менен КРнын аймагында бирдиктүү билим берүү мейкиндигин камсыз кылат. Ошондой эле ал ведомстволук таандыктыгына карабастан, баардык типтеги жана түрдөгү жалпы биим берүү уюмдары үчүн милдеттүү жана аны өзгөртүүгө жол берилбейт.

Мамлекеттик компонент окуучулардын базалык денгээлдеги жалпы билим берүүчү окуу предметтери боюнча билим алуусуна кепилдик берет. Турмуштук көз карашы бар инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн аларды улуттук жана жалпы адам заттык баалуулуктарга кызыктырат.

Башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн негизги жалпы прграммаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтүн кыскартууга жана мамлекеттик компоненттин окуу предметтерине чегерилген окуу сааттарын башка окуу предметтери окутууга өткөрүп берүүгө жол берилбейт.

Базистик окуу планынын мектептик компоненти жалпы билим берүү уюмунун өзгөчөлүктөрүн (багытын) чагылдырат жана окуучулар менен алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдашылган кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн туюнтат.

Мектептик компонент жалпы билим берүү уюмдары тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана окуучулар, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) макулдугу менен ишке ашырылат.